КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жылдын "23 " июль № 19

№376 «с. Сокулук — р/к «Дордой» маршруттук каттамындагы жүргүнчүлөрдү ташуунун тарифин (жол акысын) өзгөртүү жана бекитүү жөнүндө

Күйүүчү-майлоочу майлардын жана автотетиктердин баасынын кымбатташына байланыштуу Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынан келип түшкөн ОсОО «Транс Даймер» ишканасынын №376 «с. Сокулук — р/к «Дордой» маршруттук каттамындагы жол акысын (тарифин) мурдагы 50 (элүү) сомдон 70 (жетимиш) сомго жогорулатуу жөнүндө кайрылуусун, Сокулук айыл өкмөтүнүн сунушун жана туруктуу бюджеттик комиссиясынын 2026-жылдын 5-июндагы корутундусун карап чыгып, калкка үзгүлтүксүз транспорттук кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Сокулук айылдык кеңеши Токтом кылат

1. №376 «с. Сокулук — р/к «Дордой» багыты боюнча жүргүнчүлөрдү ташуучу маршруттук каттамдагы жол акысынын (тарифинин) өлчөмү бир жүргүнчү үчүн мурдагы 50 сомдун ордуна 70 (жетимиш) сом болуп бекитилсин.
2. ОсОО «Транс Даймер» ишканасына төмөндөгүлөр милдеттендирилсин:

- Маршруттук каттамда жүргүнчүлөрдү ташууда коопсуздук эрежелерин жана бекитилген графикти так сактоо;
- Пенсионерлерге жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга (I, II топтогу майыптарга) жеңилдиктерди каroo жана сапаттуу кызмат көрсөтүү.

3. Токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айылдык кеңешинин туруктуу Сокулук айыл өкмөтүнүн орун басары э.Койлубаевке жүктөлсүн.

Төрага **Жумалиев Н.Н**